www.manas.edu.kg

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ
Инженердик факультет факультети
Тамак-аш инженерлиги бөлүмү
Курстун программасы

Курстун коду	Курстун аты (Кыргызча)	Курстун аты (Түркчө)	Семестр	Апталык саат	Кредит	ЕКТС
KGZ-103	КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ I	KIRGIZ DILI VE EDEBIYATI I	1	0 + 2	1	2

Курстун деңгээли	Бакалавр
Курстун түрү	Талаптуу
Курстун мугалими	Сааткан Наркулова
Курстун тили	Кыргызча
Жардамчылар	-
Аудитория	303 MFFB
Курстун максаты	Кыргыз тилинде сабаттуу жазууга, окуганын, укканын, өз ой-пикирин, көз карашын эркин сүйлөй билүүгө үйрөтүү. Иш кагаздарын туура жазганга машыктыруу. Кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүн, анын өзгөчөлүктөрүн, орфоэпиялык, орфографиялык нормаларын жана тыныш белгилеринин коюлуш эрежелерин үйрөтүү. Жеке жана көп маанилүү, төл жана бөтөн сөздөрдү ажырата билүүгө көнүктүрүү. Сөздөрдүн лексико-семантикалык маанисин талдап, сүйлөм ичинде синоним, антоним жана омонимдерди натыйжалуу пайдаланганды үйрөтүү. Тил, адабиятка жана адистигине тиешелүү сөздүктөрдү колдонгонго машыктыруу. Сөз байлыгын өстүрүү. Уңгу менен мүчөнүн аткарган кызматын ажырата билип, жөнөкөй жана татаал сөздөрдү туура жазганга үйрөтүү. Сөз түркүмдөрү жөнүндө маалымат алып, текст жазган учурда сөз айкаштары менен сүйлөмдөрдү туура жана натыйжалуу колдоно билүүгө машыктыруу. Фразеологиялык айкаштардын, макал-лакаптардын, учкул сөздөрдүн маанилерин чечмелеп, аларды күндөлүк жашоосунда орду менен пайдаланууга көнүктүрүү.

Колдонулуучу адабияттар		
	Колдонулуучу адабияттар	**Адабияттын түрү**
1	Орузбаева Б., Турсунов А., Сыдыков Ж., Акматалиев А., Мусаев С., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: Фонетика, Лексикология, лексикография, Фразеология, Морфология, Синтаксис, Стилистика, Текстаануу, Лингпоэтика. – Б.:2009. Китеп 2 Абдулдаев Э., Давлетов С.	Китеп
2	Абдулдаев Э., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А.. Кыргыз тили. Ф.: Мектеп, 1986.	Китеп
3	Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги: тил илими, лексика, фонетика, морфология, сөз жасоо, орфография, пунктуация, жазуу, синтаксис, байланыштуу кеп. Б.: 2004.	Китеп
4	Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар», «Бетме бет», «Саманчынын жолу», Деңиз бойлой жорткон повесттеринин укма дисктери жана ушул чыгармалардын түпнускасы.	Китеп
5	Кулалиева К. Иш кагаздарын жүргүзүү: Окуу куралы. – Оңдолуп, толукталып 2-басылышы. Б.:2016.	Китеп
6	Төлөкова Э., Абылкасымова Т., Бейшеева А., Исмаилов А., Ибраева М. Көркөм чыгармалар боюнча окуп түшүнүү жана угуп түшүнүү жыйнагы. Улантуучу топтор үчүн. окуу куралы. Б.:2011.	Китеп
7	Кыргыз тилинин жазуу эрежелери: Соңку редакциясы / Кырг. Респ. Президентине караштуу Мамл. тил боюнча улут. комис. Б.: 2013.	Китеп
8	Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү. /Түз.: А. Исманкулова, Р. Солтобаева. Б.: «Кыргыз энциклопедиясы» башкы ред., 2016.	Китеп
9	Кыргыз адабиятынын тарыхы: Фольклористика.I-6том.-Б.: “Шам”, 2004.	Китеп
10	Кыргыз адабиятынын тарыхы: XX кылымдын кыргыз адабияты (20-60-жылдар). –Б.:2015.	Китеп
11	Мусаев С.,Турдугулов А. Көркөм сөз өнөрү. Б.:1999.	Китеп
12	Кыргыз адабияты: Орто мектептин XI кл. үчүн окуу китеби / К. Артыкбаев, К.Асаналиев, С.Байгазиев ж.б. 2-бас. – Б.: 2004.	Китеп
13	Ч.Айтматовдун чыгармалар жыйнагы 8 том. Б.: 2017.	Китеп
14	Адабият таануунга киришүү. /Түз.: Бегалиев С.Б. К.Тыныстановат. ЫМУ, – Каракол, 2010.	Китеп
15	Адабият: Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. Түз.: Ж. Шериев, А. Муратов. Б.: 1994.	Китеп

Колдонулуучу адабияттар		
16	Асаналиев К., Кыдырбаева Р. Адабий терминдердин кыргызча кыскача сөздүгү. Ф.: 1963; Кыргыз адабий терминдеринин сөздүгү. Ф.: 1987.	Китеп

Жетишилчү жыйынтыктар	
1	Кыргыз тилинде сабаттуу жазууга, окуганын, укканын, өз ой-пикирин, көз карашын эркин сүйлөй билүүгө үйрөнөт. Иш кагаздарын туура жазганга машыгат. Кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүн, анын өзгөчөлүктөрүн, орфоэпиялык, орфографиялык нормаларын, грамматикалык түзүмүн өздөштүрөт. Сүйлөм курулуштарын орун тартиби боюнча түзө билип, тыныш белгилеринин коюлуш эрежелерин үйрөнөт. Сөздөрдүн лексико-семантикалык маанисин талдап, сүйлөм ичинде синоним, антоним жана омонимдерди натыйжалуу пайдаланганды үйрөнөт. Жеке жана көп маанилүү, төл жана бөтөн сөздөрдү ажырата билүүгө көнүгөт. Тил, адабиятка жана адистигине тиешелүү сөздүктөрдү колдонгонго машыгат. Сөз байлыгын өстүрөт. Уңгу менен мүчөнүн аткарган кызматын ажырата билип, жөнөкөй жана татаал сөздөрдү туура жазганга үйрөнөт. Сөз түркүмдөрү жөнүндө маалымат алып, текст жазган учурда сөз айкаштыры менен сүйлөмдөрдү туура жана натыйжалуу колдонууга машыгат. Фразеологиялык айкаштардын, макал-лакаптардын, учкул сөздөрдүн маанилерин чечмелеп, аларды күндөлүк жашоосунда орду менен пайдалануу га көнүгөт.

Курстун планы	
Апта	**Темасы**
1. Апта	Киришүү. Курстун негизги максаты жана милдеттери. Жазуу жана анын түрлөрү. Кыргыз эли колдонгон жазуулар (алфавиттер).
2. Апта	Фонетика. Үндүү жана үнсүз тыбыштардын бөлүнүшү. Үндүүлөрдүн үндөштүк мыйзамы.
3. Апта	Орфография. Кээ бир тамгаларды, баш тамгаларды, уңгу сөздөрдү, татаал сөздөрдү, дефисти жазуу эрежелери ж.б. (Адистик тексттердин мисалында).
4. Апта	Иш кагаздары жөнүндө түшүнүк. Өмүр баян. Таржымал. Лексикология. Синоним, антоним жана омонимдер.
5. Апта	Лексикография. Сөздүк жана алардын түрлөрү. Сөздүктөрдү натыйжалуу колдонуунун ыкмалары.
6. Апта	Пунктуация. Тыныш белгисинин коюлушу жөнүндөгү негизги эрежелер: Суроо белгиси, илеп белгиси, көп чекит, үтүр, үтүрлүү чекит, кош чекит, сызыкча, кашаа, тырмакча, ж.б.
7. Апта	Иш кагаздары: Мүнөздөмө. Арыз. Лексикология: Кесиптик лексика жана неологизмдер (Адистик тексттердин мисалында).
8. Апта	Ара сынак
9. Апта	Лексикология. Жеке жана көп маанилүү сөздөр. Төл жана бөтөн сөздөр. Троп жана анын түрлөрү.
10. Апта	Морфология. У□гу, мүчө. Жөнөкөй жана татаал сөздөр (Адистик тексттердин мисалында).
11. Апта	Сөз түркүмдөрү. (Адистик тексттердин мисалында).
12. Апта	Иш кагаздары: Түшүнүк кат. Өтүнүч кат.
13. Апта	Синтаксис. Сөз айкашы жана анын түрлөрү. (Адистик тексттердин мисалында). Фразеологизмдер.
14. Апта	Иш кагаздары: Ишеним кат. Тил кат.
15. Апта	Синтаксис. Сүйлөм жана анын түрлөрү. Пунктуация. (Адистик тексттердин мисалында).
16. Апта	Мара сынак

Баалоо			
Баалоо каражаты	**Саны (даана)**	**Үлүшү (%)**	**Жалпы үлүшү**
Арасынак	1	40	**40**
Финал сынагы	1	60	**60**